Кыргыз Республикасы

**NOORUZ.KG**
**мекемеси**


E-mail: nooruzkg@gmail.com

WWW.NOORUZKG.COM

Биздин реквизиттер:
БИК: 118005
Ф. "ДКИБ-Главный"
ЗАО "Демир Кыргыз Интернешнл Банк КР"
р\с 1180000037092404
ИНН :01503201110018


№________ "04" 10 2017-ж.

**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н. К. Шайлдабековага**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөлөрүнө

**Nooruz.kg** мекемесинин Башкы директору Т. А. Солтобаевден, жашаган дареги: Ново-Покровка а., Атай көчөсү 3, № 62. тел. даректер: 0550 55 88 31; 0770 77 88 31.

**АРЫЗ**

**Урматтуу Нуржан Кармабековна!**

Менин Сизге кайрылуумдун себеби, Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкер, Өмүрбек Бабановдун айланасындагы каралоо сөздөрүн байра-кайра басып, таратып жаткан массалык маалымат каражаттары тууралуу болгон эле. Менин буга чейин БШКга болгону 4 кат менен 7 арыз жазгам. Буга чейинки катымда, Сиз жетектеген Борбордук шайлоо комиссиясынын, юридикалык бөлүмүнүн кыздарынын туура эмес берген суроолорун теске алып коюңузду сурангам. Мен журналист, жарандык активист жада калса катардагы жаран катары кимди тандайм, кимге добуш берем ал менин өз эрким. Бу менин тандоом, мага эч ким тоскоолдук кыла албайт. КР Борбордук шайлоо комиссиясы-эң калыс, ар тараптуу өнүгүп, дасыккан адамдардан куралган, көз карандысыз уюм деп, жалпы калың эл эмес, мен дагы баа берип келгем. Бирок 03.10.2017 жылы, күндүзгү саат 13:00 до БШКнын 301-чи аудиториясында уюштурулган, А. Т. Асаналиев жетектеген жумушчу топтун кезектеги отурумунда, мага ошол топтун кызматкерлери тарабынан ачыктан-ачык эле мыйзамга дал келбеген жасаган мамилеси тууралуу жазып жатам. Мен алдын-ала биле албайм,

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-13/2587
„04" 10 2017 ж/г

балким БШКнын ичинде элдин жалпы массасы билбеген, бирок өздүк ички мыйзамдарыңыздар бардыр. Мен андай чыгарылган мыйзамдарды, Борбордук шайлоо комиссиясынын маалымат сайтынын баракчаларынын беттеринен таба албадым.

Эмне үчүн мага орой мамиле жасап, ошол жерге чакырылган адамдардын көзүнчө катуу кыйкырып, буйрук бергенге БШКнын кызматкеринин моралдык укугу барбы же жокбу деген суроомо толук жооп алгым келет. Же эмне БШКнын кызматкерлерине моралдык-этикалык нормалар каралган эмесби? “Мага эмнеге кыйкырасыз?”-деген суроомо, “Мен кыйкырган жокмун, менин үнүм ушундай катуу чыгат”-деген жооп алдым. Эгерде мен үнүмдү катуу чыгарып кыйкырып сүйлөсөм, ошол бөлмөдөн дароо чыгарып жиберишет эле. Мен, кайрадан өзүмдүн кесиптештериме жаман көрүнүп, аларды туура иштегенге чакырып үндөп жатам, болгону ошол. Андан сырткары ал жерде талапкер С. Жээнбековдун юристтеринин кайра БШКнын кызматкерлерине болушуп, менин мүнөзүмө тийишкендей алардын укугу барбы? Сооронбай Жээнбековго тиешеси жок эле го мен кайрылган кийинки каттарымда. Орой тил менен айтканда, мени “ит талагандай” эле кылышты. Журналисттерди тартипке чакырууга үндөп жазылган каттардын ичинде, мен бир дагы талапкерге тийшкен эмесмин.

Мага абдан туура эмес берилген -“Сиздин эмне шайлоочу катары укугуңуз бузулуп жатабы?”-деген суроо күтүүсүз болду. Ал катта, укугум бузулуп жатат, мага жардам бергиле деп жазылган эмес. Азыркы учурда коомдо, “Административдик мыйзам бузуулар жүрүп жатат”, дейбиз. Менин оюмча ал мыйзам бузуулар БШКнын ичинде болуп жаткандай сезилди мага эмнегедир. Мындан аркы Кудай буюруса жаза турган каттарымдын негизги мазмундары, жалаң өзүмдүн кесиптештериме багытталмакчы.

Эч бир талапкерге тийишпейм. Бирок буга чейин жазбай жүргөн элем. Дал ушул өйдөдө айтылып кеткен көрүнүштү, ИИМдин Коомдук кеңешинин кезектеги отурумунда сөзсүз алып чыкканга болгон күч аракетимди жумшайм. Жана ошондой эле бардык журналист кесиптештериме чакыруу кагаздарын таратууга көбүрөөк убактымды бөлөм.

Кечки саат 18:17 де 0312620184 телефонуна чалып, трубканы көтөргөн кызга “Атыңыз ким десем? “Атым Айыма” деп жооп берди. Сиз БШКнын маалымат сайтынын баракчасында жайгашкан маалымат боюнча, аталган жумушчу топто жок экенсизго?”-деп берген суроого, “Мен ал топто ички буйруктун негизинде иштейм деген жооп алдым”. Бирок алдыда жазылып кеткендей эч кандай маалымат таба албадым.

Ушул менин суроомду кароодо, журналисттерди чакырууга уруксат берип коюңузду өтүнөм. Себеби эч бир талапкердин абройуна шек келбеген маселе каралганы турат.

Урматтуу **Нуржан Кармабековна,** менин жазган арызымды тез аранын ичинде карап чыгууңузду суранам.

**Урматтоо менен,**
**Nooruz.kg мекемесинин**
**Башкы директору** **Темирлан Солтобаев**